Каралды
Директор алдындагы кеңеште
Протокол № 8
"12" 03 2020-жыл

Бекитемин
Мектеп директору:
Сарытаева Д.Т.
"27" 03 2020-жыл

# Кызыл-Кия шаарындагы Токтогул атындагы № 6 орто мектебинин ишембилик өткөрүү жөнүндөгү

## Жобо

**I. ЖАЛПЫ ЖОБО**

**1.1.** Окуу корпусунун жана сырткы аймакты тазалоо иштерине Токтогул атындагы №6 орто мектебинин тейлөөчү кызматкерлери жана окуучулар катышышат.
Ишембилик башталганга чейин окуучулар жана жалпы ишембиликтин катышуучулары жоопкерчиликтүү жактар тарабынан эмгекти коргоо коопсуздук эрежелери менен жана нускамалар менен таанышышат.

**1.2.** Ишембиликке окуучулардын катышуусун көзөмөлдөө ар бир класстын класс жетекчисине жүктөлөт.

**1.3.** Токтогул атындагы №6 орто мектебинин педагогдору,окуучулары жана тейлөө кызматкерлери жогорку жетекчиликтер тарабынан талап кылынган жана мектептин шартына байланыштуу класстарга бекитип берилген атайын участоктордун санитардык абалын жакшыртуу боюнча мектептин аймагында уюштурулган ишембиликтерге катышууга милдеттүү.

**1.4.** Ишембиликтин катышуучулары төмөнкүлөргө милдеттүү;

- Уюштуруучу жактар тарабынан берилген тапшырмаларды аткарууга ;
- Жеке коргонуу (СИЗ) каражаттарын колдонууга;
- Өздүк гигиена эрежелерин сактоого;
- Атайын белгиленген орундуктарда эс алууга;
- Кооптуу абал жаралган учурда же аларды алдын алуу максатында гидранттардын жана өрт өчүрүүчү куралдардын жайгашкан ордун билүүгө;
- Жабырлануучулар болсо биринчи жардам көрсөтө билүүгө;

**1.5.** Ишембиликтин жүрүшүндө окуучуларга жана башка ишембиликтин катышуучуларына төмөнкү факторлор таасирин тийгизип, денесине оор жаракаттарды пайда кылышы мүмкүн:

- Ар кандай транспорт каражаттары, кол арабалар,таштанды салуучу дөңгөлөктүү челектер,электр станциялары, өрт коркунучу бар жерлер, электр өткөргүчтөр ж.б.;
- Абанын температурасынын кескин төмөндөшү же жогорулашы;
- Катуу шамалдын болушу;
- Ишембилик жүрүп жаткан аймактагы абанын булгануусу, жагымсызжыттардын пайда болушу (түтүн, газ, нефт продуктуларынын жыты);
- Окуучулар колдонуп жаткан инвертарлар (айры, күрөк,тырмоо ж.б).
- Ашыкча оор жүктөрдү көтөрүү;
- Эмгекти коргоо эрежелерин бузуусу.

**1.6.** Иш учурунда ар кандай айнектин сыныктары, курч темирдин кесиндилери, бактын бутактары, зымдар ж.б. нерселер табылса,кол капты пайдалануу талап кылынат.

**1.7.** Бак- дарактардын жалбырактарын, чогулган таштандыларды өрттөөгө тыюу салынат.

**1.8.** Окуучулар ишембилик жүрүп жаткан учурда класс жетекчисинин уруксааты жок башка аймактарга чыгып кетүүсүнө тыюу салынат.

## II. ИШЕМБИЛИКТИ ӨТКӨРҮҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА МАКСАТТАРЫ:

**2.1.** Милдеттери:

- Мектепттин аймагын санитардык эрежелердин сакталуусун камсыз кылуу;

**2.2.** Максаттары:

- Окуучуларды өзүлөрү окууган мектепттин аймактын тазалыгына өзгөчө көнүл буруугa жана таза кармоого үйрөтүү ;
- Окуучуларды тазалыкка жана эмгекке тарбиялоо.

## III. ИШЕМБИЛИКТИ УЮШТУРУУЧУЛАР:

**3.1.** Мектеп администрациясы ( план боюнча)

**3.2.** Жогорку жетекчилердин талабы жана көрсөтмөлөрү боюча.

## IV. ИШЕМБИЛИКТИ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ

**4.1.** Тарбия завучу менен уюштуруу иштерин жетекчиси тарабынан ишембиликти өткөрүү боюнча график түзүлөт жана тиешелүү аймактар бөлүнүп берилет.

**4.2.** Ар бир класс керктүү жабдуулар менен камсыз болушат;

**4.3.** Окуучулар өзүнө тиешелүү аймакты тазалоо иштерин аткарат;

**4.4.** Ишембилик аяктагандан кийин класс жетекчи жоопкерчиликтүү жактарга кайрылып, тиешелүү аймакты тазалап бүткөндүгүн билдирип, өткөрүп берет;

**4.5.** Тарбия завучу ишембиликтин уюшкандыгына жана өткөрүлгөндүгүн көзөмөлдөп, баа берет, жыйынтыгын чыгарат.

**4.6.** Класс жетекчилер тарбия завучуну көрсөтмөсү боюнча иш алып барышат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ атындагы
№ 6 орто мектеби

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ
сш №6 им.ТОКТОГУЛА

**№ буйруктан көчүрмө**

13.03.2020-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишембилик өткөрүү жөнүндөгү жобосу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директор алдындагы кеңешинин 2020- жылдын 12- мартындагы №8 протоколунун 3- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Мектептин ишембилик өкөрүү жөнүндөгү жобосу кабыл алынсын.
2. Мектепте ишембилик өткөрүү иштери ушул жобонун негизинде түзүлсүн.
3. Мектеп кызматкерлери жана окуучулар, ата- энелер жобо менен таанышып чыгышсын.
4. Буйруктун аткарылыша жооптуу болуп тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бекенова Г. дайындалсын.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.